512(07)(кир)
М14

МАЙЛИЕВ Ш.

АЛГЕБРА КУРСУНДА ПРОГРАММАЛАНГАН ОКУУНУН ЭЛЕМЕНТТЕРИ

(Мугалимдерге жардам)

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ — 1976

512(07)
М14

132500

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
педагогического института
инв №

Майлиев Ш.

М 14 Алгебра курсунда программаланган окуунун элементтери. Мугалимдерге жардам. Ф., «Мектеп», 1976 ©

132 бет.

Бул китептин максаты — жаңы программага ылайык 8 жылдык мектептерде алгебра курсунда программаланган окуунун элементтерин колдонуу боюнча мугалимдерге практикалык жардам берет.

М 65—021
М 452(17)—76 107—76

512

© Издательство «Мектеп» 1976 г.

КИРИШ СӨЗ

Сабактын эффективдүүлүгүн көтөрүүдө предметтин жана ар бир теманын өзгөчөлүгүнө жараша өз алдынча иштерге айрыкча көңүл буруу азыркы учурдагы эң зарыл маселелердин бири экендиги белгилүү. Мындай өз алдынча иштердин бир түрү — программаланган окуу.

Бул китепте программаланган окуунун принцибинен пайдалануудагы алдыңкы тажрыйбаларга таянып, сабактын ар түрдүү этаптарында колдонулуучу өз алдынча иштердин системасын түзүү ыкмасында программаланган окуунун элементин пайдалануунга токтолуп ал боюнча тиешелүү дидактикалык материалды сунуш кылабыз.

Окуучулар берилип жаткан маалыматтарды алар кандайча өздөштүрүп жаткандыгын билүү жана ошого жараша сабакта тийиштүү көрсөтмөлөрдү токтоосуз берип туруу окуу процессин — башкарылуучу окуу процессине айландыраары белгилүү. Албетте, башкарылуучу окуу процессинде окуучулардын материалды өздөштүрүү сапаты жогорулап, сабак эффективдүү өтөт. Ошондуктан өз алдынча иштердин системасын программаланган окуунун идеясында түзүүнүн мааниси чоң.

Алгебра курсунда сунуш кылынып жаткан көнүгүүлөр окуучулардын материалды тереңирээк өздөштүрүшү үчүн алардын ойлоо чыгармачылыгын арттыра тургандай ситуациядагы өз алдынча иштердин жетиштүү колдонулуп жатканын жана көнүгүүлөрдүн тиешелүү системасынын жоктугунан окуу процессин белгилүү деңгээлде башкарылуучу окуу процессине айландыруу мүмкүн болбой жаткандыгын көрүүгө болот. Бул сыяктуу кемчиликтерди четтетүү максатында VI класстын алгебра курсу боюнча конкреттүү эки теманы тандап алып, анда программаланган окуунун элементтерин кайсы учурда кандайча колдонуу керек экендигин көрсөтүүчү өз алдынча иштердин системасын түздүк. Мында биз алдыңкы методдорго жана тажрыйбаларга таянып, түшүнүктүү тест катары окуучулардын өзүлөрү «ача» тургандай идеядагы тапшырмаларды даярдадык.

Ар бир өз алдынча иште 2ден 5 ке чейин түрдүү типтеги көнүгүүлөр сунуш кылынды. Мында көнүгүүлөр белгилүү логикалык байланышта, атап айтканда, биринчи сурооого берилген

туура жооп экинчи суроого туура жооп берүүгө мүмкүндүк түзө тургандай, экинчи суроого карата табылган туура жооп кийинки суроого туура жооп табууга мүмкүндүк түзгүдөй ж. б. түзүлдү.

Мында белгилүү деңгээлде проблемалуу ситуация түзүү жагы да эске алынды.

Ар бир өз алдынча иштин өзүндө окуучуга көрсөтмө жана ал өзүн-өзү контролдоосун камсыз кылуучу суроолор берилди. Тапшырмалар (суроолор) улам барган сайын татаалдана тургандай болуп түзүлдү.

Сунуш кылынган тапшырмалар алгачкы учурларда окуучуларга жарым жартылай белгилүү болуп, андан кийинкилери улам белгилүү операцияларды иштөөнүн негизинде окуучулар өзүлөрү чечип алыша тургандай «проблеманы» камтыган суроолордон турат.

Ар бир тапшырма 15—30 минутага белгиленип, окуучулардын ар бири өзүнүн темпинде иштөөсүнө ылайык (түрдүү татаалдыкта) үч варинат болуп даярдалды. Айрым өз алдынча иштерде бардык окуучуларга иштөөгө милдеттүү эмес, жалаң күчтүү окуган гана окуучуларга сунуш кылынуучу жылдызча коюлган көнүгүүлөр жолугат. Сунуш кылынган тапшырмаларды мугалим сабактын структурасын бузбастан туруп керектүү учурларда пайдалана алат.

Өз алдынча иштөөгө берилүүчү тапшырмаларды сабактын ар кандай этаптарында колдонуу мүмкүн болсун үчүн алар төмөндөгүдөй баскычтарда түзүлдү.

1. Жаңы түшүнүктү киргизүү. Мындай тапшырмалар окуучулардын мурунку түшүнүктөрүнө таянгыдай бирок жаңы түшүнүктү ачууга мүмкүндүк бергидей болуп алардын атайын өз алдынча иштөөлөрүнө негизделип түзүлгөн. Бул тапшырмаларда түшүнүктүн мазмуну ачылат жана ал түшүнүктү окуучулардын өзүлөрү ачып жаткандай ситуация камсыз кылынат.

Ошондой эле окуучунун өзүн-өзү контролдоосу үчүн атайын суроо коюлат. Мунун өзү окуучулардын активдүү ойлоосун арттырып, өз алдынча байкагычтыктарынын негизинде аларды жалпы жыйынтык чыгарууга үйрөтөт.

Мисалы, биринчи тема боюнча 7-ишти карасак жетиштүү болот (Ар бир этапта колдонулуучу тапшырмалар дидактикалык материал катары сунуш кылынгандыктан мисалдарда текст толук берилбей, айрым иштердин номери гана көрсөтүлөт).

Мындай иштер окуучулардын материалды сезимдүү түшүнүшүнө жана ойлоо чыгармачылыгынын өсүшүнө шарт түзөт.

2. Бышыктоо үчүн сунуш кылынуучу тапшырмалар негизинен эки багытта берилет. Биринчиси — өтүлгөн теориялык материалды бышыктоо. Экинчи — белгилүү бир порциядагы материалды же бир канча порциядагы материалды өз кучагына алгандай жалпы түрдөгү тапшырмалар. Бул эки учурдун экөөндө тең окуучулардын алган түшүнүктөрүн кеңейтүү жана аларды

навыкка көнүктүрүү максатында өтүлгөн материалды улам эске түшүрүп тура тургандай атайын өз алдынча тапшырмалар даярдалган.

Мындай идеяда түзүлгөн тапшырмалардын көпчүлүгүндө акыркы суроолор окуучулардын өз алдынча мисал келтирүүлөрүн талап кылат.

Мисалы, экинчи тема боюнча 4-ишти карайлы.

Мындай иштер — окуучулардын сунуш кылган материалды автоматтык түрдө эле аткарып коюшуна ылайыкташтырылбастан материалдын маанисине аларды жете түшүнгөндүгүн, чыгармачылыгын жана алган түшүнүктөрүн каалаган учурларда колдоно ала тургандыгын байкоого мүмкүндүк берет.

3. Окуучулардын чыгармачылыгын арттыруу багытында атайын берилүүчү тапшырмалар окуучулар материалды тереңирээк түшүнсүн үчүн жана ал түшүнүктү чыгармачылык менен экинчи бир суроону ачууга колдоно билүүсүнө ылайык даярдалган.

Мисалы, биринчи тема боюнча 9-ишти карагыла.

4. Окуучулардын белгилүү бөлүм боюнча алынган түшүнүктөрүн кайталап аны эске түшүрүү жана дагы тереңдетүү, системалаштыруу максатында белгилүү убакытка ченелип үйгө берилүүчү өз алдынча иштин бир түрү, математикалык сочинение болуп эсептелет. Мында атайын сочинениенин планы (суроолору) даярдалып, анда окуучулардын өзүлөрүнүн мисал келтирүүлөрү талап кылынат.

Окуучулар түрдүү адабияттардан пайдаланып өзүлөрүнүн түшүнүктөрүн жазып беришет, адегенде жакшы билген окуучулар начар окуган окуучулардын иштерине жана, тескерисинче текшерип, акырында мугалим карап чыккандан кийин атайын консультация убагында жыйынтык чыгарылат.

Мисалы, 17—20-иштерди карагыла.

5. Атайын даярдалган математикалык диктант программаланган окуунун сызыктуу системасына негизделип окуучулардын белгилүү порциядагы материал боюнча алган түшүнүктөрүн кайталоо жана дагы бир жолу эске түшүрүү, системалаштыруу, алардын алган түшүнүктөрүнүн бышыктыгын билүү максатында сунуш кылынат.

Бул математикалык диктантта ар бир порциядагы материал боюнча кыскача конкреттүү текст берилет, бирок ал текстте айрым сөздөр таштылып кеткен болот. Алар окуучулардын активдүү ойлоолорунун натыйжасында толуктанат.

Мисалы, биринчи тема боюнча М—Д—2 ни каргыла.

6. Текшерип-көнүктүрүүчү көнүгүүлөр (же кыскача Т—К—К).

Т—К—К атайын порциядагы материалды окуучулардын кандай түшүнгөндүгүн билүү жана ошол материалга ылайык көнүгүүлөрдү иштетүүнүн негизинде окуучуларды көнүктүрүү максатында негизинен математикалык диктанттан кийин сунуш кы-

лынат. Мында тескери байланыш ишке ашырылып окуу процесси белгилүү деңгээлде башкарылуучу мүнөзгө ээ болот.

Ал эми окуучулар болсо коюлган суроолорго, перфокартаны колдонуп же туура жооптун алдын сызуу менен мугалимге тапкан жоопторун билгизе алышат. Мында тапшырма программаланган окуунун тармактуу системасынын негизинде туура жооптуу издеп табуу идеясына ылайык түзүлгөн. Ал эми жооптор болсо 3 төн 10 го чейин сунуш кылынат. Бул жооптор кокустан берилген жооптор эмес, ошол материалга ылайык бериле турган окуучулардын типтүү каталыктарынын негизинде түзүлөт. Ал эми сунуш кылынуучу суроолор болсо жогоруда эскертилгендей логикалык байланышта түзүлөт.

Окуучу материалды терең түшүнгөн болсо, удаалаш тез жооп бере алат. Эгер материалды даана билбесе, анда ага иштөөгө туура келет. Туура жоопту кокустан таап алуу мүмкүнчүлүгү аз, себеби кокустан табылган жооп улам кийинки сурооно туура жооп берүүгө мүмкүндүк түзбөйт.

Мисалы, экинчи тема боюнча Т—К—К—5 ти карагыла.

Окутуунун мындай этаптуу процессинде окуучулардын өзүнөзү контролдоосу үчүн белгилүү деңгээлде шарт түзүлөт.

Окуучулар түзүүгө карата берилген маселелерди чыгаруу боюнча бир канча кыйынчылыктарга кездеше тургандыктарын эске алып, аларды берилген текст боюнча өз алдынча маселе түзүүгө үйрөтүү үчүн маселенин шарты алгебралык тилде туюнтулган өз алдынча иштер да сунуш кылынды.

Мисалы, бир эле иште эки маселе берилип, алардын биринин сөз менен жана алгебралык тилде туюнтулушу көрсөтүлөт. Биринчиге окшош экинчи маселени сөз менен гана туюнтулушу берилип, алгебралык тилде туюнтулушу окуучулардан талап кылынат. Акырында окуучу маселенин шартын алгебралык тилде туюнтуп, теңдеме түзүп, маселени чыгарат.

Андан кийинки өз алдынча иште да эки маселе окшош берилип, биринчи маселени сөз менен туюнтулушу жана алгебралык түрү толук эмес болуп берилет. Маселенин шартынын алгебралык тилдеги андан аркы туюнтулушу жана анын чыгарылышы окуучулардын өзүлөрүнө сунуш кылынат. Экинчи маселе болсо жөн эле сунуш кылынат, аны окуучу биринчи маселедегидей кыскача сөз менен жана алгебралык тилде туюнтуп чыгарат.

Мисалы, экинчи тема боюнча 21—22-иштерди карагыла.

Бул сыяктуу иштерде мазмуну жагынан ар түрдүү болгон жергиликтүү материалдарга карата түзүлгөн маселелерди окуучуларды өз алдынча маселе түзүүгө үйрөтүү максатында: берилген маселеге окшош маселе түзүү, берилген маселеге тескери маселе түзүү, маселенин шартынын жарым жартылай жетишпегендерин толуктоо, айрым берилгендери боюнча маселе түзүү, график боюнча маселе түзүү ж. б. арналган иштер сунуш кылынат.

Мында окуучулар өз алдынча маселе түзүүгө үйрөнүү менен

бирге алардын чыгармачылыктуу ойлоосу, материалды дагы терең түшүнүүсү жана логикалык ойлоолорунун өсүшү жакшырат. Материалдын практикалык маанисин ачуу максатында теңдемелердин графикалык чыгарылышына айрыкча көңүл бурулуп, анда окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө арналган бир канча иштер сунуш кылынды. Берилген теңдемени графикалык жол менен чыгаруу, график боюнча теңдеме түзүү жана график боюнча теңдемелердин теориялык маанисин ачуу маселелерине арналган өз алдынча иштер сунуш кылынды.

Мындай иштер окуучулардын материалды терең жана көпкө чейин унутпай эстей тургандай деңгээлде түшүнүшүнө мүмкүндүк түзөт. Мугалим сабак өтүү процессинде жалаң эле өз алдынча иштердин системасы менен чектелбейт. Мында мугалимдин түшүндүрүүсү жана окуу китептериндеги көнүгүүлөрдү тийиштүү учурларда окуучуларга иштетүү кенен орун алат.

Демек, өз алдынча иштердин системасын мугалим сабактын сапатын жакшыртууга жана окуучулардын өз алдынча иштөөлөрүн жекечелештирүүгө карата, дидактикалык материал катарында колдоно алат.

Мындай материалды түзүүдө жогоруда эскертилгендер менен бирге ар бир теманын спецификалык өзгөчөлүгүнө, жергиликтүү материалды өз ичине алган маселелерди жана параметрлүү теңдемелерди киргизүү жактарына айрыкча ар бир иштеги көнүгүүлөрдүн системасын проблемалуу ситуациянын негизинде түзүүгө аракеттендик.

Сабактын түрдүү этаптарында колдонууга карата өз алдынча иштердин системасын түзүүдөгү идеянын кандай деңгээлде ишке ашканын дидактикалык материалдын мазмунунан көрүүгө болот. Биз ар бир өз алдынча иштин 3 эле вариантын сунуш кылдык, ал эми ар бир мугалим өзүнүн шартына жана конкреттүү дидактикалык максатка ылайык мындай вариантынын санын каалаганча көбөйтүп алуусу мүмкүн. Түзүлгөн үч вариант бири-биринен белгилүү деңгээлде айырмаланат бул идея окуучулардын иштөөсүн жекечелештирүү максатын көздөйт. Атап алганда ар бир өз алдынча иштин биринчи варианты менен үчүнчү вариантын алып карасак анда начарыраак окуган окуучуларга биринчи вариантты, жакшы окуган окуучуларга үчүнчү вариантты сунуш кылуу ылайык. Ошентип, окуучуларга материалды сунуш кылууда бири-биринен көчүрүп албаганындай шахмат тартибинде дифференцияланган окууну эске алып ыйгаруу максатка ылайык келет. Айрым өз алдынча иштерде жылдызча коюлган көнүгүүлөр (суроолор) жолугат, аны жакшы өздөштүргөн окуучуларга сунуш кылууга болот. Азыркы учурдагы программага ылайык биринчи даражадагы бир өзгөрүлмө чондугу бар теңдеменин 6-класстын алгебра курсунда ээлеген орду аз убакытты ээлейт.

Ошондуктан ал тема боюнча сунуш кылынган өз алдынча иштердин саны көп деп айтууга туура келет. Бирок, берилген

тапшырмалардын максаттуулугуна жана келечектүүлүгүнө караганда ал сунуш кылынган өз алдынча иштердин талапка ылайык келе турганын байкайбыз.

Теңдемелердин тең күчтүүлүгү жана теңдеменин касиеттерине ылайыкталган өз алдынча иштерди болсо мугалим теңдеменин теориялык маанисин терендетүү максатында класстан тышкары учурларда айрым окуучуларга сунуш кылышы талапка ылайык. Ал эми теңдемелер системасы боюнча сунуш кылынган өз алдынча иштерди иштетүүдө болсо анча өзгөчөлүктөр жок катары. Ар бир порциядагы материалда текшерүү жана окуучуларды көнүктүрүү, башкача айтканда, тескери байланышты түзүү максатында сунуш кылынган (Т—К—К.) ишти окуучуларга иштетүүдө перфокартаны пайдалануу зарыл. Ар бир тапшырма беш баллдык системага ылайыкташтыруу максатында бештен гана суроо берилген.

Айрым чиймелерде (мисалы, 10-чийме) өз ара номерленбеген төрт чийме жолугат, аны турган ордуна карата 1=, 2=, 3=, 4= деп окуу керек.

1. БИР ӨЗГӨРҮЛМӨ ЧОҢДУГУ БАР БИРИНЧИ ДАРАЖАДАГЫ ТЕҢДЕМЕЛЕР

2. Теңдеме жана теңдештик

Бул теманы VI класста окуп-үйрөнүүгө киришүүнүн алдында адегенде окуучулардын IV—V класстардан алган маалыматтарын лабораториялык иш жана өз алдынча аткарылуучу иш түрүндө 1—5 тапшырмаларда кайталоо жакшы.

I (I)


(Лабораториялык иш)

1. Берилген фигуранын аянты 80 *см. кв* (1-чийме).

1) Берилген аянты боюнча анын моделин миллиметрдик кагаздан же клеткалуу кагаздан жасагыла.

2) Түздөн-түз өлчөө аркылуу анын белгисиз жагын тапкыла.

3) Белгисиз жагын алгебралык жол менен тапкыла.



1-чийме

4) Эки учурда чыккан натыйжаларды салыштыргыла.

2. Таблицаны толтургула:

	—4	—3	—2	—1	0	1	2...
3(x—1)							
7x+1							

x тин кайсы маанисинде $3(x-1)=7x+1$ барабардыгы аткарыла турганын таблицадан көрсөткүлө.

1 (2)

(Лабораториялык иш)


1. Берилген фигуранын аянты 50 *см. кв.* (2-чийме).

1) Берилген аянты боюнча анын моделин миллиметрдик кагаздан же клеткалуу кагаздан жасагыла.

2) Түздөн-түз өлчөө аркылуу анын белгисиз жагын тапкыла.

3) Белгисиз жагын алгебралык жол менен тапкыла.

4) Эки учурда чыккан натыйжаларды салыштыргыла.



2-чийме

2. Таблицаны толтургула.

x	-2	-1	0	1	2	3	
$4(x-1)$							
$5x-2$							

x тин кайсы маанисинде $4(x-1)=5x-2$ барабардыгы аткарыла турганын таблицадан көрсөткүлө.

1 (3)

(Лабораториялык иш.)


1. Берилген фигуранын аянты 85 *см. кв.* (3-чийме).

1) Берилген аянты боюнча анын моделин миллиметрдик кагаздан же клеткалуу кагаздан жасагыла.

2) Түздөн-түз өлчөө жолу менен анын белгисиз жагын тапкыла.

3) Белгисиз жагын алгебралык жол менен тапкыла.

4) Эки учурда чыккан натыйжаларды салыштыргыла.



3-чийме

2. Таблицаны толтургула:

x	—2	—1	0	1	2	3	
$7(x-1)$							
$5x-3$							

x тин кайсы маанисинде $7(x-1)=5x-3$ барабардыгы аткарыла турганын таблицадан көрсөткүлө.

2(1)

1. {3} көптүгү $25-3x=2(x+5)$ теңдеменин чыгарылышы боло алабы?

2. y тин кайсы маанисинде барабардык $2y-1=5$ туура болот?

3. z тин кайсы маанилеринде барабардык $z^2-1=(z+1)(z-1)$ аткарылат?

2(2)

1. {4} көптүгү $3x-22=2+5(x-1)$ теңдеменин чыгарылышы боло алабы?

2. x тин кайсы маанисинде барабардык $0{,}5x-2=2$ туура болот?

3. y тин кайсы маанилеринде барабардык $(y+1)^2=y^2+2y+1$ аткарылат?

2(3)

1. {2,5} көптүгү $3-2x=x+(1-2x)$ теңдеменин чыгарылышы боло алабы?
2. y тин кайсы маанисинде барабардык $4y-3=5$ туура болот?
3. z тин кайсы маанилеринде барабардык $(z-1)^2=z^2-2z+1$ аткарылат?

3(1)

1. 4 саны x санынан 3 кө чоң. Бул сандардан пайдаланып:
   а) Барабардык түзгүлө;
   б) x ти тапкыла.
2. {2} көптүгү төмөнкү теңдемелердин кайсыларынын чыгарылышы боло алат:

1) $x+3=5$; 2) $4x+9=11$; 3) $3x+2=1$; 4) $3x+(x-1)=x+15$?

3(2)

1. 5 саны x санынан 4 эсе чоң. Бул сандардан пайдаланып:
   а) Барабардык түзгүлө;
   б) x ти тапкыла.
2. {3} көптүгү төмөндөгү теңдемелердин кайсынысынын чыгарылышы боло алат.

1) $x+2=3$; 2) $5x+9=24$; 3) $6x-5=13$; 4) $4x+(x+1)=16$?

3(3)

1. x саны 3 санынан 5 ке чоң. Бул сандардан пайдаланып:
   а) Барабардык түзгүлө;
   б) x ти тапкыла.
2. {5} көптүгү төмөндөгү теңдемелердин кайсынысынын чыгарылышы боло алат:

1) $x+2=87$; 2) $2y+45=6y+17$; 3) $x-12=20$; 4) $3y+10=5y$?

4(1)

1. Төмөнкү барабардыктардын кайсылары барабардыкка кирген тамгалардын каалаган маанилеринде жана кайсылары алардын айрым маанилеринде аткарыларын көрсөткүлө:

1) $5+x=3$; 2) $2x+1=2(x+1)-1$; 3) $(x-2)^2=x^2-4x+4$;
4) $a+(b+x)=a+b+x$?

2. Барабардыктын кайсы түрү теңдеме жана кайсы түрү теңдештик болот?

4(2)

1. Төмөнкү барабардыктардын кайсылары барабардыкка кирген тамгалардын каалаган маанилеринде жана кайсылары алардын айрым маанилеринде аткарыларын көрсөткүлө:

1) $2-x=4$; 2) $3+2x=1+2(x+1)$; 3) $x^2+6x+7=(x+3)^2-2$;
4) $a+x=x+a$?

2. Барабардыктын кайсы түрү теңдеме жана кайсы түрү теңдештик болот?

4(3)

1. Төмөнкү барабардыктардын кайсылары барабардыкка кирген тамгалардын каалаган маанилеринде жана кайсылары алардын айрым маанилеринде аткарыларын көрсөткүлө:

1) $11+7=3$; 2) $7+3x=2-3(x-2)$; 3) $(2y-1)(1+2y)=4y^2-1$;
4) $ax=xa$.

2. Барабардыктын кайсы түрү теңдеме жана кайсы түрү теңдештик болот?

5(1)

1. {0}; {3}; {4}; {5}; {1} көптүктөрдүн кайсынысы $7(y+3)-2y=41$ теңдеменин чыгарылышы боло алат?

2. Төмөндөгү барабардыктардан теңдештиктерди жана теңдемелерди айрым-айрым жазгыла:

$28-3x-7x=0$; $7x-33=5$; $20-x=-(x-20)$;
$5x+13-2x=3(x+3)+4$; $x^2-4=(x-2)(x+2)$.

Эмне үчүн теңдеме (же теңдештик) экенин негиздегиле?

3. Теңдештикке жана теңдемеге экиден мисал келтирип жазгыла.

5(2)

1. Берилген: {2}; {3}; {1}; {5} көптүктөрдүн кайсынысы $4x-3=5-x$ теңдеменин чыгарылышы боло алат?

2. Төмөнкү барабардыктардан теңдештиктерди жана теңдемелерди айрым-айрым жазгыла.

$3+x=8$; $12x=12$; $8{,}5-15x=7$; $5(2-3x)+2=3(4-5x)$;
$7x-8=(3x-5)+(5x-2)$; $25x^2-1=(5x-1)(5x+1)$.

Эмне үчүн теңдеме (же теңдештик) болорун түшүндүргүлө.

3. Теңдештикке жана теңдемеге экиден мисал келтирип жазгыла.

5(3)

1. $\{1\}$; $\left\{2\frac{1}{2}\right\}$; $\{3\}$; $\left\{3\frac{1}{5}\right\}$; $\{4\}$; $\{5\}$.

көптүктөрүнүн ичинен кайсынысы $3x-11=x-5$ теңдеменин чыгарылышы боло алат?

2. Төмөндөгү барабардыктардан теңдештиктерди жана теңдемелерди айрым-айрым жазгыла:

$$4x+2=6;\quad 5x-7=(2x-3)+(3x-4);\quad 6x=6;$$
$$(2,5x+3)\ (2,5x-3)=6,25x^2-9;\quad 3,5-3x=6,5;$$
$$3(2,5-1,5x)+2\frac{1}{2}=3;$$
$$3x+7=7+3x.$$

Эмне үчүн теңдеме (же теңдештик) болоорун негиздегиле.

3. Теңдештикке жана теңдемеге экиден мисал келтирип жазгыла.

IV—V класстар боюнча алынган маалыматтарда 1—5 тапшырмаларда мына ушундайча кайталангандан кийин эми окуучулардын ушул кайталоодогу материалдар боюнча алган билимдерин 5—6=тапшырмаларда бышыктайбыз. Андан кийинки өз алдынча аткарылуучу иштер математикалык диктант (М—Д), текшерип көнүктүрүүчү көнүгүүлөр (Т—К—К) түрүндө улантылат. Ошондо гана окуучулардын материалды кандайча өздөштүрүп кабыл алып жаткандыгы жөнүндө маалымат (тескери байланыш) түзө алабыз.

6(1)

1. Көрсөтүлгөн өзгөрүлмөгө карата төмөнкү теңдемелердин ар биринин канчанчы даражада боло тургандыгын аныктагыла.

1) Эгерде өзгөрүлмө a болсо;
2) эгерде өзгөрүлмө x болсо;
3) эгерде өзгөрүлмө c болсо:

$a+x=b$; $a-x^2=c$; $x^3-c^2=b$; $x^5=b^4$; $x^2=c^2$; $x^3b^5+c^3x^4+b=0$?

2. $4x+\frac{7}{x}=0$ теңдеменин чыгарылышы боло турган көптүктү тандап алгыла.

3. $x-\frac{6}{x}=-1$; $x-\frac{1}{x}=2$; $\frac{1}{x-2}=x-2$

теңдемелердин кайсыларынын чыгарылышы $\{2\}$ көптүгү болот?

4. $4x-4=\square x-3$ теңдеменин чыгарылышы {3} көптүгү болсо, $\square$ белги коюлган x тин коэффициентин аныктагыла.

5. Төмөндөгү туюнтмалардын кайсылары бүтүн туюнтма болот:

$$a+x=b;\quad \frac{1}{x}+a=b;\quad \frac{1}{a}+x=b;\quad \frac{1}{a}+\frac{1}{x}=b;$$

$$\frac{1}{5}a+\frac{7}{9}x-3=\frac{1}{2}b?$$

6(2)

1. Көрсөтүлгөн өзгөрүлмөгө карата төмөнкү теңдемелерден ар биринин канчанчы даражада боло турганын аныктагыла.

1) эгерде өзгөрүлмө b болсо;
2) эгерде өзгөрүлмө x болсо;
3) эгерде өзгөрүлмө $к$ болсо:

$$a+b+x^2=к;\quad 2a+x=к^2;\quad xк^2-b=c;\quad b^4c+к^2=x^3;$$
$$b^3x^3+b^4x^2+b^5x+b^6=0?$$

2. $3x+\frac{1}{x}=0$ теңдеменин чыгарылышы боло турган көптүктү тандап алгыла.

3. $x-\frac{3}{x}=2;\quad x-\frac{1}{x}=3;\quad \frac{1}{x-3}=x-3$ теңдемелердин кайсынысынын чыгарылышы {3} көптүгү болот?

4. $2x+2=\triangle x-5$ теңдеменин чыгарылышы {5} көптүгү болсо, $\triangle$ белги коюлган x тин коэффициентин аныктагыла.

5. Төмөндөгү туюнтмалардын кайсылары бүтүн туюнтма болот:

$$b-x=c;\quad \frac{1}{x}-c=b;\quad \frac{1}{c}+x=b;\quad \frac{1}{c}-\frac{1}{x}=\text{b};\quad \frac{3}{5}c+\frac{5}{6}x=6?$$

6(3)

1. Көрсөтүлгөн өзгөрүлмөгө карата төмөнкү теңдемелердин ар биринин канчанчы даражада боло турганын аныктагыла.

1) Эгерде өзгөрүлмө b болсо;
2) эгерде өзгөрүлмө c болсо;
3) эгерде өзгөрүлмө y болсо.

$$a+b=y;\quad a-b^2=cy;\quad ay+b^2=c^3;\quad b^2y^3+c^4=a^6;$$
$$b^2x+by^2+y^3+c=c^4?$$

2. $4x-\frac{1}{x}=0$ теңдеменин чыгарылышы боло турган көптүктү тандап алгыла.

3. $x+\frac{2}{x}=-3$; $x-\frac{1}{x}=2$; $\frac{1}{x-2}=x+2$ теңдеменин кайсынысынын чыгарылышы $\{-2\}$ көптүгү болот?

4. $7x-3=\triangle x+2$ теңдеменин чыгарылышы $\{-3\}$ көптүгү болсо, $\triangle$ белги коюлган x тин коэффициентин аныктагыла.

5. Төмөндөгү туюнтмалардын кайсылары бүтүн туюнтма болот:

$$a-y=c;\quad c-\frac{1}{y}=k;\quad c+x=\frac{1}{y}+2;\ \frac{1}{y}+\frac{1}{x}=c;$$

$$\frac{1}{3}c+\frac{1}{5}c^2x=0{,}5?$$

М—Д—1 (1)

1. Барабардыктагы өзгөрүлмөлү деп аталган тамганын . . . каалаган . . . койгондо . . . оң жагы анын сол жагына . . . болсо, андай барабардык . . . болот. Мисалы, $5+a=3+(2+a)$ . . . болот. $a^2-2=(a+1)(a-1)-1$ . . . болот.

2. Өзгөрүлмө деп аталган . . . кандайдыр бир . . . барабардыктын оң жагынын. . . . анын сол. . . . маанисине . . . болсо, андай барабардыктар . . . болот. Мисалы, $3-a=2-3a$ теңдеме . . . $4+3x=2(2+x)+x$ . . . болот.

М—Д—1 (2)

1. Барабардыктагы өзгөрүлмөлүү деп аталган тамганын . . . каалаган . . . койгондо . . . оң жагы анын сол жагына . . . болсо, андай барабардык . . . болот. Мисалы, $5+c=12-(7-c)$ теңдештик . . . $b^2+3=(b-3)(b+)+12$ . . . болот. $13-y=$ $=(10-y)+(3+y)$ теңдештик. . . .

2. Өзгөрүлмөлү деп аталган . . . кандайдыр бир . . . барабардыктын оң жагынын . . . сол . . . маанисине . . . болсо, андай барабардыктар . . . болот. Мисалы, $7+5a=7a+5$ теңдеме . . . $(5x+2)-3=5(x+3)-16$ . . . болот.

М—Д—1 (3)

1. Барабардыктагы өзгөрүлмөлүү деп аталган тамганын . . . каалаган . . . койгондо . . . оң жагы анын сол жагына . . . болсо, андай барабардык . . . болот. Мисалы, $4+b=3+(1+b)$ . . . болот. $c^2+6=(c+3)(c-3)+15$ теңдештик . . .$6+x=3+3x$ . . . болбойт.

2. Өзгөрүлмөлү деп аталган. . . . кандайдыр бир . . . барабардыктын оң жагынын . . . анын сол . . . маанисине . . . болсо, андай барабардыктар . . . болот. Мисалы, $7-b=$ $=2-7b$ теңдеме . . . $2-7b=7(1-b)-5$ . . . болот.

Т—К—К—1 (1)

(Перфокартанын жардамы менен).

1. Төмөнкү барабардыктардын кайсыларын биринчи даражадагы бир өзгөрүлмөлүү теңдеме деп атоого болот?

1) $3x-a=5$. 2) $x+y=\frac{5}{y}$. 3) $x(x-1)+x^2+x=1$.

4) $3(z-1)-2=3(z+1)-2z-10$. 5) $\frac{2}{x-2}=-\frac{x}{x+2}$.

2. Төмөнкүлөрдүн ичинен чыгарылышы {2} көптүгү болотурган теңдемени көрсөткүлө:

1) $5(x-2)=1$. 2) $\frac{3}{x-2}=\frac{1}{x}$. 3) $\frac{2}{3}(x-2)=0$. 4) $\frac{1}{x-3}=\frac{2}{3}$.

5) $2(x-2)=x+2$.

3. $3x-\frac{1}{3}=\frac{2}{3}$ теңдеменин чыгарылышы {3} көптүгү болобу?

1) Болот. 2) Болбойт. 3) Билбейм.

4. $(5x-2)(x+3)=0$ теңдеменин чыгарылышын көрсөткүлө.

1) {2}. 2) {—3}. 3) {0,4}. 4) {2}, {—3}. 5) {0,4}. {—3}.

5. Берилген төмөнкү барабардыктардын ичинен теңдештиктерди көрсөткүлө.

1. $(x-1)^2=x^2+1-2x$. 2. $(b+1)^2=b^2-2b+1$. 3. $5x=3x+2$.
4. $3(2x-1)-5=6x$. 5. $x+2=x-2$.

Мүмкүн болгон жооптор:

1) 1. 2) 1,2. 3) 1, 2, 3. 4) 1, 2, 3, 4. 5) 1, 2, 3, 4, 5. 6) 1, 2, 5. 7) 1, 2, 4, 5.

Т—К—К—1 (2)

1. Төмөнкү барабардыктардын кайсыларын биринчи даражадагы бир өзгөрүлмөлүү теңдеме деп атоого болот?

1. $b+3y=2$. 2) $\frac{1}{x}=x+y$. 3) $5=2x-x(x-2)+x^2$.

4) $\frac{y}{y-1}=\frac{1}{y+1}$. 5) $3(y-1)-1=y(y+1)-2y+1$.

2. Төмөнкү барабардыктардын ичинен чыгарылышы {4} көптүгү боло турган теңдемени көрсөткүлө:

1) $3 = 3(x+4)$. 2) $\frac{1}{x} = \frac{2}{x-4}$. 3) $5 - \frac{5}{4}x = 0$.

4) $\frac{x}{2} = \frac{1}{x-4}$. 5) $5(x-4) = (x+4) - 5$.

3. $\frac{2}{3} + x = \frac{1}{3}x - 2$тендеменин чыгарылышы {3} көптүгү болобу?

1) Болбойт. 2) Болот. 3) Билбейм.

4. $(3x+1)(x-4) = 0$ тендеменин чыгарылышын көрсөткүлө:

1) {4}. 2) $\left\{\frac{1}{3}\right\}$. 3) $\left\{-\frac{1}{3}\right\}$.

4) {4}; $\left\{\frac{1}{3}\right\}$. 5) {4}; $\left\{-\frac{1}{3}\right\}$.

5. Төмөнкү барабардыктардын ичинен тендештиктерди көрсөткүлө:

1) $2x = 3x - 1$, 2) $(1-x)^2 = x^2 + 1 - 2x$, 3) $(2+a)^2 = a^2 + 4 - 4a$,
4) $3(x-1) - 2 = x + 1$, 5) $x + 4 = x - 4$.

Мүмкүн болгон жооптор:

1) 1. 2) 1, 2, 3. 3) 1, 2, 3, 4. 4) 1, 2, 3, 4, 5. 5) 2, 3, 5. 6) 2. 7) 5.

Т—К—К—1 (3)

1. Төмөнкү барабардыктардын кайсыларын биринчи даражадагы бир өзгөрүлмөлүү тендеме деп айтууга болот?

1) $2x + b = 3$ 2) $x - y = \frac{2}{y}$. 3) $x^2 - x(x-1) - x = 3$.

4) $\frac{3}{x-3} = \frac{x}{x+3}$, 5) $4(y-2) - 1 = 4(y+2) - 3y + 2$?

2. Төмөнкү барабардыктардын ичинен чыгарылышы {3} көптүгү боло турган тендемени көрсөткүлө:

1) $2(x-3) = 2$. 2) $\frac{2}{x-3} = \frac{1}{x}$. 3) $\frac{3}{4}x - 3 = 0$.

4) $\frac{1}{x-3} = \frac{3}{2}$. 5) $3(x-3) = (x+3) - 6$.

3. $\frac{3}{4}=\frac{1}{4}=4x$ теңдеменин чыгарылышы {4} көптүгү болобу?

1) болот. 2) Болбойт. 3) Билбейм.

4. $(3x+1)(x-4)=0$ теңдеменин чыгарылышын көрсөткүлө.

1) {4}. 2) $\left\{\frac{1}{3}\right\}$. 3) $\left\{-\frac{1}{3}\right\}$. 4) {4}; $\left\{\frac{1}{3}\right\}$. 5) {4}; $\left\{-\frac{1}{3}\right\}$.

5. Берилген төмөнкү барабардыктардын ичинен теңдештиктерди көрсөткүлө:

1. $2x=3x-1$; 2. $(1-x)^2=x^2+1-2x$; 3. $(2+a)^2=a^2+4-4a$;
4. $3(x-1)-2=x+1$; 5. $x+4=x-4$.

Мүмкүн болгон жооптор:

1) 1. 2) 1, 2, 3. 3) 1, 2, 3, 4. 4) 1, 2, 3, 4, 5. 5) 2, 3, 5. 6) 2. 7) 5.

Теңдеменин чыгарылыштарынын саны

(Жаңы түшүнүктү киргизүү боюнча өз алдынча аткарылуучу тапшырмалар).

7(1)

1. x тин кайсы маанилери төмөндөгү теңдемелердин ар бирин канаттандырат:

1) $x+1=x+2$; 2) $x+2=x+2$; 3) $(x-1)(x-2)=0$;
4) $x+3=-3$?

2. $-3(x+2)+1=7-3(x-4)$ теңдеменин чексиз көп чыгарылышка ээ боло турганын көрсөткүлө.

3. Өзгөрүлмөнүн канча мааниси төмөндөгү теңдемелердин чыгарылышы болот:

1) $5x+2=4$; 2) $(x+2)(x-2)=0$; 3) $x+3=x-3$;
4) $4x-1=4(x+1)-5$?

4. Теңдеменин чыгарылыштарынын саны жөнүндө эмнелерди айтууга болот?

7(2)

1. x тин кайсы маанилери төмөндөгү теңдемелердин ар бирин канааттандырат:

1) $x+2=x-1$; 2) $x-2=x-2$; 3) $x-2=-2$;
4) $(x-2)(x-1)=0$?

2. $3x-4=4(x-1)-x$ теңдемеси чексиз көп чыгарылышка ээ боло турганын көрсөткүлө.

3. Өзгөрүлмөнүн канча мааниси төмөндөгү теңдемелердин ар биринин чыгарылышы болот:

1) $4-3x=5$; 2) $2x=2(x-1)+1$; 3) $(x-1)(x+1)=0$;
4) $7x+2=2(x+1)+5x$?

4. Теңдеменин чыгарылыштарынын саны жөнүндө эмнелерди айтууга болот?

7(3)

1. x тин кайсы маанилери төмөндөгү теңдемелердин ар бирин канааттандырат:

1) $x+3=x-2$; 2) $x+3=x+3$; 3) $x+3=3$; 4) $(x+3)(x-3)=0$?

2. $5(x-3)-3x-6=2x-25$ теңдемеси чексиз көп чыгарылышка ээ боло турганын көрсөткүлө.

3. Өзгөрүлмөнүн канча мааниси төмөндөгү теңдемелердин ар биринин чыгарылышы болот:

1) $7-2x=3$; 2) $3x=2(x-1)+x$; 3) $(x+2)(x-3)=0$;
4) $6x+5=3(2x+1)+2$?

4. Теңдеменин чыгарылыштарынын саны жөнүндө эмнелерди айтууга болот?

8(1)

(Бышыктоо боюнча).

1. Төмөнкү берилген теңдемелердин бир гана, эки гана, чексиз көп чыгарылышка ээ боло тургандарын жана чыгарылышы жокторун айрым-айрым жазгыла:

$x+3=x-3$; $0{,}1x-0{,}1=0{,}15x-5{,}1$; $4x+(0{,}3x-1)=7{,}6$;
$5x+2-(2x-1)=(5x-2x)+3$; $2|x+1|=6$; $5(x-1)=5x-1$;
$(2x+1)(3x-1)=0$.

Алардын ичинен кайсылары теңдештик болот?

2. Чыгарылышы: а) {3} б) {1} жана {2} көптүктөрү боло турган теңдеме түзгүлө.

3. Чыгарылышы экөө болгон жана чыгарылышы болбогон теңдемелерге экиден мисал келтиргиле.

4. Чыгарылышы бүтүн сандардын көптүгү болбогон теңдеме түзгүлө.

8(2)

1. Төмөнкү берилген теңдемелердин бир гана, эки гана, чексиз көп чыгарылышка ээ боло тургандарын жана чыгарылышы жокторун айрым-айрым жазгыла.

$2x+3=2x-3$; $3x+5-2x=11$; $(6x+3)-(5x+2)=x+1$;
$(0{,}1x-1)(2x+1)=0$; $|x-0{,}3|=1{,}2$; $(x-0{,}4)(x+0{,}4)=x^2-1{,}6$.

Алардын ичинен кайсылары теңдештик боло алат?

2. Чыгарылышы: а) {4}; б) {2} жана {3} көптүктөрү боло турган теңдеме түзгүлө.

3. Чыгарылышы экөө жана чыгарылыштары чексиз көп болгон теңдемелерге экиден мисал келтиргиле.

4. Чыгарылышы бүтүн сандардын гана көптүгү болгон теңдеме түзгүлө.

8(3)

1. Төмөнкү берилген теңдемелердин бир гана, эки гана, чексиз көп чыгарылышка ээ боло тургандарын жана чыгарылышы жокторун айрым-айрым жазгыла:

$3(11-5z)=42$; $2(7x-61)+2=14x+3$; $(16y-12)+29-6y=12y+6$; $(7x-0{,}3)(6x+0{,}2)=2$; $3|3x-1|=2$; $(x+3)^2=x^2+6x+1$.

Алардын ичинен кайсылары теңдештик боло алат?

2. Чыгарылышы: а) {−1}; б) {−2} жана {1} көптүктөрү боло турган теңдеме түзгүлө.

3. Чыгарылышы экөө болгон жана чексиз көп чыгарылышка ээ болбой турган теңдемелерге экиден мисал келтиргиле.

4. Чыгарылышы бөлчөк сандардын гана көптүгүнөн турган теңдеме түзгүлө.

9(1)

(Окуучулардын чыгармачылыгын арттыруу боюнча).

1. x тин кайсы маанисинде $5x+2$ нин мааниси 3 кө барабар болот?

2. a нын кайсы маанилеринде төмөндөгү теңдемелердин ар биринин чыгарылышы {2} көптүгү болот:

$4x+a=2$; $5a+x=4$; $7x+|x+a|=3$; $(a+x)+1=-3$?

3. $ax+b=0$; $(a<1)$ теңдемеси берилген.

a жана b сандарын бул теңдеменин чыгарылыштары:

1) $\{-2\}$; 2) $\{3\}$; 3) чексиз көп болгондой кылып, кандайча тандап алууга болот?

4*. 1) $|x+1|=2$; 2) $(x-2)(x+1)(x+3)=0$ теңдемелери канча чыгарылышка ээ?

9(2)

1. y тин кайсы маанисинде $6+5x$ тин мааниси -1 ге барабар?

2. b нын кайсы маанилеринде төмөндөгү теңдемелердин ар биринин чыгарылышы $\{-2\}$ көптүгү болот:

$3x-b=1$; $4b+x=3$; $5x-|x-b|=2$; $(b-x)+2x+1=-5$?

3. $ax+b=0$; $(a>1)$ теңдемеси берилген.

a жана b сандарын бул теңдеменин чыгарылыштары:

1) $\{-1\}$; 2) $\{4\}$; 3) чыгарылышка ээ болгондой кылып, кандайча тандап алууга болот?

4*. 1) $3-|x-1|=-1$; 2) $(x+1)(x+2)(x+3)=0$ теңдемелери канча чыгарылышка ээ?

9(3)

1. x тин кайсы маанисинде $2-7x$ тин мааниси -5 ке барабар?

2. c нын кайсы маанилеринде төмөндөгү теңдемелердин ар биринин чыгарылышы $\{-1\}$ көптүгү болот.

$c-2x=-1$; $3c+5x=4$; $3x-|x-2c|=-1$; $2(c-2x)+3=-6$?

3. $ax+b=0$; $(a>1)$ теңдеме берилген.

a жана b сандарын бул теңдеменин чыгарылыштары:

1) $\{-3\}$; 2) $\{5\}$; 3) чыгарылышка ээ болбогондой кылып, кандайча тандап алууга болот?

4*. 1) $2-|x+2|=-3$; 2) $(x+1)(x-2)(x^2-4)=0$ теңдемелери канча чыгарылышка ээ болот?

М—Д—2—(1)

1. Өзгөрүлмөнүн ар түрдүү (бир, эки . . . чексиз көп, эч кандай) . . . барабардык . . . теңдеме ар түрдүү (бир, эки . . . чексиз көп, жок) чыгарылыштарга . . . .

2. Эгерде теңдемедеги өзгөрүлмөнүн бир эле . . . барабардык аткарылса, . . . ал теңдеме ээ болот. Мисалы, $5+a=2$ теңдемедеги . . . $a=-3$ болгондо гана барабардык . . . Ошондуктан . . . бир гана . . . ээ.

3. Өзгөрүлмөнүн канча . . . барабардык . . . теңдеме . . . чыгарылышка . . .. Мисалы, $4x^2-1=0$ теңдеме . . . чыгарылышка . . . $\left(\left\{\frac{1}{2}\right\};\ \left\{-\frac{1}{2}\right\}\right)$, $|x|+1=2$ . . . эки . . . ээ ({—1}; {1};) $(x-1)(x+3)(x-2=0$ теңдеме . . . чыгарылышка . . . {1}; {—3}; {2}).

4. Эгерде теңдемедеги . . . эч кандай . . . барабардык аткарылбаса, анда ал теңдеме . . . Мисалы, $x+1=x+3$ теңдеме чыгарылышка . . . $x^2+1=x^2-1$ теңдеме . . . $(x-1)^2=(x-1)(x+1)$ . . . чыгарылышы . . ..

5. Эгерде теңдемедеги . . . чексиз көп . . . барабардык аткарылса, андан ал теңдеме . . . чыгарылышка . . . Мисалы, $b+3=3+b$ . . . чыгарылышка . . . $5-x^2=7-(2+x^2)$ . . . чыгарылышка . . . $x+3=5-(x+3)$ . . . чыгарылышка . . . Теңдештик . . . чыгарылышка . . . теңдеме . . ..

М—Д—2(2)

1. Өзгөрүлмөнүн ар түрдүү (бир, эки . . . чексиз көп, эч кандай) . . . барабардык . . . теңдеме ар түрдүү (бир, эки, . . ., чексиз көп, жок) чыгарылыштарга ээ . . ..

2. Эгерде теңдемедеги өзгөрүлмөнүн бир эле . . . барабардык аткарылса, . . . ал теңдеме . . . ээ болот. Мисалы, $7+b=5$ теңдемедеги . . . $b=-2$ болгондо гана барабардык . . . Ошондуктан . . . бир гана . . . ээ.

3. Өзгөрүлмөнүн канча . . . барабардык . . . теңдеме . . . чыгарылышка . . . Мисалы, $9x^2-1=0$ теңдеме . . . чыгарылышка . . . $\left(\left\{\frac{1}{3}\right\};\ \left\{-\frac{1}{3}\right\}\right)$ $|x+1|+1=2$ . . . эки . . . ээ ({0}; {—2}); $(x-1)(x-1)(x+2)=0$ . . . чыгарылышка . . . {1}; {2}; {—2}.

4. Эгерде теңдемедеги . . . эч кандай . . . барабардык аткарылбаса, анда ал теңдеме . . . Мисалы, $x+2=x+5$ теңдеме чыгарылышка . . . $2x^2+1=2x^2-1$ . . . чыгарылышы . . . $x^2-1=(x+1)(x+1)$ теңдеменин . . ..

5. Эгерде теңдемедеги . . . чексиз көп . . . барабардык аткарылса, анда ал теңдеме . . . чыгарылышка . . .. Мисалы, $5+c=c+5$ . . . чыгарылышка . . . $3-x^2=5-(2+x^2)$ . . . чыгарылышка . . . $y+7=3-(y+7)$ . . . чыгарылышка Теңдештик . . . чыгарылышка . . . теңдеме . . ..

М—Д—2(3)

1. Өзгөрүлмөнүн ар түрдүү (бир, эки, . . . чексиз, эч кандай) . . . барабардык . . . теңдеме ар түрдүү (бир, эки, . . ., чексиз көп, жок) чыгарылышка . . ..

2. Эгерде теңдемедеги өзгөрүлмөнүн бир эле . . . барабардык аткарылса, . . . ал теңдеме . . . ээ болот. Мисалы, $8+c=3$

тендемедеги . . .. Ошондуктан . . . бир гана . . . ээ.

3. Өзгөрүлмөнүн канча . . . барабардык . . . тендеме . . . чыгарылышка . . . Мисалы, $9x^2-4=0$ тендеме . . . чыгарылышка . . .. $\left(\left\{\frac{2}{3}\right\};\ \left\{-\frac{2}{3}\right\}\right)$

$2|x-1|-1=1$ . . . эки . . . ээ ($\{2\};\ \{0\}$).

$(x+3)(x+5)(x+7)=0$ тендеме . . . чыгарылышка . . . ($\{-3\};\ \{-5\};\ \{-7\}$).

4. Эгерде тендемедеги . . . эч кандай . . . барабардык аткарылбаса, анда ал тендеме . . . ээ . . . Мисалы, $2x+1=2x-1$ тендеме чыгарылышка . . . $ax^2-5=x^2+5$ . . . чыгарылышка . . . $x^2-1=(x+1)(x+1)$ . . . чыгарылышка . . .

5. Эгерде тендемедеги . . . чексиз көп . . . барабардык аткарылса, анда ал тендеме . . . чыгарылышка . . .. Мисалы, $7-c=5-(c-2)$ . . . чыгарылышка . . . $5-x^2=3-(x^2-5)$ . . . чыгарылышка . . .. Тендештик . . . чыгарылышка . . . тендеме . . ..

Т—К—К—2(1)

1. $2x+1=2(x+1)+4$ тендеме канча чыгарылышка ээ?
1) Бир. 2) Чыгарылышы жок. 3) Чексиз көп чыгарылышка ээ. 4) Бир канча чыгарылышка ээ. 5) Билбейм.

2. Төмөнкү тендемелердин ичинен чыгарылышка ээ болбогондорун көрсөткүлө:

1) $16-x=5-\frac{1}{2}(2x-22)$. 2) $6+3(x-2)=5(x+1)-2$.
3) $7(x-3)+1=4x-(5-3x)$. 4) $(x-3)-(3-2x)=4$.
5) $(x-2)(2+3)=0$.

3. Төмөнкү тендемелердин ичинен чексиз көп чыгарылышка ээ боло тургандарын көрсөткүлө:

1) $2(x-5)+3=13$. 2) $2(x-1)+(3x-2)=5x-4$.
3) $(3x+1)-(5x-1)=5-(2x+3)$.
4) $\frac{1}{3}-x^2=\left(\frac{1}{3}-x\right)\left(\frac{1}{3}+x\right)$. 5) $(x-1)(x+2)=0$.

4. Төмөнкү тендемелердин ичинен бир гана чыгарылышка ээ болгонун көрсөткүлө:

1) $x+3=x-3$. 2) $2|x+1|=4$. 3) $(2x-1)(2x+1)=0$.
4) $0{,}1x-0{,}1=0{,}15x-5{,}1$. 5) $(2x-1)-3x+1=3-x$.

Т—К—К—2(2)

1. $3x-1=3(x-1)+2$ тендеме канча чыгарылышка ээ болот?
1) Бир. 2) Чыгарылышы жок. 3) Чексиз көп чыгарылышка ээ. 4) Бир канча чыгарылышка ээ. 5) Билбейм.

2. Төмөнкү теңдемелердин ичинен чыгарылышка ээ болбогонун көрсөткүлө:

1) $12-x=3-\frac{1}{2}(2x-18)$. 2) $2(x+1)+1=6-3(x-2)$.

3) $6(x-1)+3=7x-(x-2)$. 4) $(x-2)-(2-3x)=3$.

5) $(x-1)(x-2)(x-3)=0$.

3. Төмөнкү теңдемелердин ичинен чексиз көп чыгарылышка ээ боло турганын көрсөткүлө:

1) $3(x-2)+3=12$. 2) $(3x-4)+(5x-3)=8x-5$.

3) $3-(3x-1=(6x-5)-9(x-1)$.

4) $x^2-\frac{1}{2}=\left(x-\frac{1}{2}\right)\left(x+\frac{1}{2}\right)$.

5) $(x+1)(x-1)(x-3)=0$.

4. Төмөнкү теңдемелердин ичинен бир гана чыгарылышка ээ болгонун көрсөткүлө:

1) $x+4=x-4$. 2) $3x^2-2=0{,}3$. 3) $(3x-1)(3x+2)=0$.

4) $1{,}5x-3=2\left(\frac{1}{2}-x\right)+3{,}5x-4$. 5) $(3x-2)+2(x-1)+1=4$.

Т—К—К—2(3)

1. $4-2(x+2)=4-2x$ теңдеме канча чыгарылышка ээ?

1. Бир. 2) Чыгарылышы жок. 3) Чексиз көп чыгарылышка ээ. 4) Бир гана чыгарылышка ээ. 5) Билбейм.

2. Төмөнкү теңдемелердин ичинен чыгарылышка ээ болбогондорун көрсөткүлө:

1) $\frac{1}{3}(3x-6)-2=x-4$. 2) $5-2(x-3)=3(x-4)-6$.

3) $(x+3)-(3-x)=4$. 4) $5x-1=3(x+2)+2x$.

5) $(x+5)(x+7)=0$.

3. Төмөнкү теңдемелердин ичинен чексиз көп чыгарылышка ээ боло тургандарын көрсөткүлө:

1) $5(x-3)+2=11$. 2) $(4x+3)-(3x-1)=x+2$.

3) $x^2+\frac{1}{3}=\left(x+\frac{1}{3}\right)\left(x-\frac{1}{3}\right)$. 4) $(4x-3)-6=(3x-1)-(8-x)$.

5) $(x+5)(x-3)(x+3)=0$

4. Төмөнкү теңдемелердин ичинен бир гана чыгарылышка ээ болгондорун көрсөткүлө:

1) $7-x=x+7$. 2) $|x-2|=0{,}2$. 3) $(0{,}5x+1)(0{,}5x-1)=0$.

4) $0{,}2x-0{,}5=0{,}2-0{,}5x$. 5) $x-2(x-3)=6-x$.

Тең күчтүү теңдемелер

(Жаңы материалды киргизүү үчүн).

10(1)

1. Төмөнкү теңдемелердин чыгарылыштарын салыштыргыла:

1) $x-3=2$ жана $x-3+2=2+2$; 2) $x-17=5$ жана $x-17+5=5+17$. 3) $2x-1=3$ жана $x-2=3$; 4) $3x+11+x=2x-5$ жана $3x+11+x+5=2x-5+5$; 5) $3x+11=5$ жана $3x+11+x=5+x$.

Алардын чыгарылыштары жөнүндө эмне айтууга болот?

2. Төмөндөгү теңдемелердин кайсыларынын чыгарылыштары барабар:

1) $4{,}5-x=5$; 2) $7+x=13$; 3) $5-x=5{,}7$; 4) $13+x=7$?

3. Төмөндөгү теңдемелерден чыгарылыштары бирдей болгон теңдемелерди айрым жазгыла:

1) $5x+2=4$; 2) $5x-2=5(x-2)+8$; 3) $x+\frac{2}{5}=\frac{4}{5}$; 4) $(x-3)(x-1)=0$; 5) $|x-1|=2$; 6) $12-x-(x+1)=5$.

4. Чыгарылыштары бирдей болгон ар түрдүү теңдемелер жөнүндө эмнени айтууга болот?

10(2)

1. Төмөнкү теңдемелердин чыгарылыштарын салыштыргыла:

1) $x+2=1$ жана $x+2-1=1-1$; 2) $x+11=4$ жана $x+11+4=4+11$; 3) $6x-1=4$ жана $x-6=1$; 4) $2x-7+x=2x-3$ жана $2x-7+x+3x-3-3x$; 5) $3x-10=4$ жана $3x-10+x=4+x$.

Алардын чыгарылыштары жөнүндө эмне айтууга болот?

2. Төмөндөгү теңдемелердин кайсыларынын чыгарылыштары барабар:

1) $1{,}3x+2=4{,}6$; 2) $x-4{,}3=2{,}7$; 3) $3x+2=23$; 4) $(x-3)-(1-2x)=6$?

3. Төмөндөгү теңдемелерден чыгарылыштары бирдей болгон теңдемелерди айрым жазгыла:

1) $3x-2=1$; 2) $4x-3=4(x-2)+5$; 3) $x-\frac{1}{3}=\frac{1}{3}$;

4) $(x-1)(x+5)=0$; 5) $|x+2|=3$; 6) $13-x-(x+1)=6$.

4. Чыгарылыштары бирдей болгон ар түрдүү теңдемелер жөнүндө эмне айтууга болот?

10(3)

1. Төмөнкү тендемелердин чыгарылыштарын салыштыргыла:

1) $x-1=-2$ жана $x-1+1=-2+1$; 2) $x-12=7$ жана $x-12=7+12$; 3) $8y-3=5$ жана $y-8=3$; 4) $2y-5+x=4y+1$ жана $2y-5+y+3y=4+1-3y$; 5) $7x+2=4x$ жана $7x+2-4x=4x-4x$.

Алардын чыгарылыштары жөнүндө эмне айтууга болот?

2. Төмөнкү тендемелердин кайсыларынын чыгарылыштары барабар:

1) $2(y-1)=0$; 2) $2y+5=5$; 3) $4(2y+5)=20$;
4) $2y+2-(y-1{,}8)=5$?

3. Төмөндөгү тендемелерден чыгарылыштары бирдей болгон тендемелерди айрым-айрым жазгыла:

1) $2x-3=1$; 2) $7x-4=7(x-1)+3$; 3) $x-1,\ 5=0{,}5$;
4) $(x-1)(x+5)=0$; 5) $|x+3|=2$; 6) $(11-x+(2x-1)=5$.

4. Чыгарылыштары бирдей болгон ар түрдүү тендемелер жөнүндө эмне айтууга болот?

11(1)

(Бышыктоо боюнча)

1. Төмөндөгү тендемелер тең күчтүү болушабы:

1) $2x+3=5$ жана $x+1=2$; 2) $2x-1=2$ жана $x-2=5$;
3) $3-7x=5-x$ жана $6x+1=3x+10$; 4) $|x-1|=1$ жана $x(x-2)=0$; 5) $5x-16=19-8x$ жана $|8x-4|=16$?

2. Төмөндөгү тендемелерде өз ара тең күчтүү болгон тендемелер барбы? Эгерде болсо, аларды айрым жазгыла:

1) $5x+4=84$; 2) $9(x-11)=135$; 3) $7x-(3+2x)=77$;
4) $3(x-10)-2=12$; 5) $2x-3=-11$; 6) $(x-4)(x+2)=0$;
7) $|x-1|=3$.

3. Берилген тендемелердин ар бири менен тең күчтүү болгон тендемелерди жазгыла.

$$2x+1=3; \quad 8x+1=4; \quad \frac{1}{2}x+\frac{1}{2}+\frac{1}{2}x=1.$$

4. Тең күчтүү болгон тендемеге эки мисал келтиргиле.

11(2)

1. Төмөндөгү тендемелер тең күчтүү болушабы:

1) $4+x=10$ жана $2x+3=15$; 3) $4-3x=2$ жана $3x-4=2$;

2) $2x-14=7x+31$ жана $5x-4=3+4x$; 5) $2x-1=3$ жана $|2x-1|=3$? 4) $|2+x|=3$ жана $(x-1)(x+1=0$;

2. Төмөндөгү теңдемелерде өз ара тең күчтүү болгон теңдемелер барбы? Эгер болсо, аларды айрым жазгыла:

1) $4-5x=12$; 2) $7(x-10)=42$; 3) $4x-(3x-2)=0{,}4$;

4) $3(x+5)+4=3$; 5) $\frac{1}{2}x-3=\frac{2}{5}$; 6) $(x-3)(x-5=0$;

7) $|x-4|=1$.

3. Берилген теңдемелердин ар бири менен тең күчтүү болгон теңдемелерди жазгыла:

$0{,}5x+3x-2-2=5$; $3(x-3)+5=21$; $\frac{7}{8}x-\frac{5}{12}x=11$.

4. Тең күчтүү болгон теңдемелерге үч мисал келтиргиле.

11 (3)

1. Төмөндөгү теңдемелер тең күчтүү болушабы:

1) $3x+1=2$; жана $6-2x=4$; 2) $5y+18=3y+38$ жана $4y-3=47-y$; 3) $2+|x-2|=3$ жана $(x-3)(x-1)=0$; 4) $8x-3=1$ жана $3x-8=1$; 5) $x+(3x-1)=2$ жана $3x-1=2$?

2. Төмөндөгү теңдемелерде өз ара тең күчтүү болгон теңдемелер барбы? Эгер болсо аларды айрым жазгыла:

1) $6x-0{,}5=29{,}5$; 2) $5(x+0{,}2)+2=3$; 3) $4x-(x-0{,}5)=12{,}5$; 4) $1{,}5x+3=3(0{,}5x+1)$; 5) $2(3-x)+4=10$; 6) $(x-12)(x-2)=0$; 7) $|x-7|=5$.

3. Берилген теңдемелердин ар бири менен тең күчтүү болгон теңдемелерди жазгыла:

$3x-(x-2)=2$; $\frac{2}{5}=\frac{3}{8}x$; $12y-7(2y-1)=5y+3$.

4. Тең күчтүү болгон теңдемелерге үч мисал келтиргиле.

М—Д—3 (1)

1. Теңдемелерди алардын . . . боюнча салыштырганда чыгарылыштарынын . . . же барабар эместиги . . . теңдемелер тең күчтүү же . . . болуп бири-биринен . . ..

2. Чыгарылыштары . . . болгон, эки же андан көп . . . тең күчтүү . . . болушат. Мисалы, $5x+3=4$ жана $3-2x=0{,}2$ тең

күчтүү . . . $5x-1=0$ жана $5x=1$ . . . болушат . . . $5x-1=-1$ жана $5x=-1$ тең күчтүү . . ..

М—Д—3(2)

1. Теңдемелерди алардын . . . боюнча салыштырганда чыгарылыштарынын . . . же барабар эместиги . . . теңдемелер тең күчтүү же . . . болуп бири-биринен . . ..

2. Чыгарылыштары . . . болгон эки же андан көп . . . тең күчтүү . . . болушат. Мисалы, $3x-2=7$ жана $5x+3=18$ тең күчтүү . . . $2-x=-4$ жана $2+11=2$ . . . болушат. $2(x-1)=1$ жана $3-5x=-4{,}5$ тең күчтүү . . ..

М—Д—3(3)

1. Теңдемелерди алардын . . . боюнча салыштырганда чыгарылыштарынын . . . же барабар эместиги . . . теңдемелер тең күчтүү же . . . болуп бири-биринен . . ..

2. Чыгарылыштары . . . болгон эки же андан . . . тең күчтүү . . . болушат. Мисалы, $4x-1=2$ жана $3-2x=-1$ тең күчтүү . . . $3x+2=-1$ жана $0{,}5x-3(x-2)=3{,}5$ . . . болушат. $2|x+5|=1$ жана $2(x+5)=1$ тең күчтүү . . ..

Т—К—К—3(1)

1. Төмөнкү теңдемелердин ичинен кайсынысы $3x-4=11$ теңдеме менен бирдей чыгарылышка ээ?

1) $3x-11=4$. 2) $15=-3x$. 3) $(x-5)(x-2)=0$. 4) $2x-4=3x+9$. 5) $11x-3=4$.

2. Төмөндөгү теңдемелердин кайсыларынын чыгарылыштары барабар?

1. $2x+3=5$; 2. $|2x+3|=5$; 3. $6x+1=3x+10$; 4. $3-7x=15-11x$.

Мүмкүн болгон жооптор:

1) 1 жана 2. 5) 2 жана 4. 9) 2, 3, 4, 2) 1 жана 3. 6) 3 жана 4. 10) Эч кайсынысы. 3) 1 жана 4. 7) 1,2 жана 3. 4) 2 жана 3. 8) 1,2 жана 4.

3. Төмөнкү теңдемелердин ичинен $2x+1=5x-3$ теңдемеси менен тең күчтүү болгон теңдемени көрсөткүлө:

1) $x+2=0$. 2) $4x+3=1$. 3) $3(x+4)-1=6x+7$. 4) $\frac{1}{x-2}=\frac{1}{3}$. 5) $3x-1=x-3$.

4. Төмөнкү теңдемелерден бирдей чыгарылыштарга ээ болгон теңдемелерди көрсөткүлө:

1. $a+x=b$; 2. $b-x=a$; 3. $a-x=b$; 4. $x-b=a$;

Мүмкүн болгон жооптор:

1) 1 жана 2. 2) 1 жана 3. 3) 1 жана 4. 4) 2 жана 3. 5) 2 жана 4. 6) 3 жана 4. 7) жок.

5. Төмөнкү теңдемелер тең күчтүүбү.

1) $x+5=15$; 2) $2x=10$; 3) $4x-3=17$?

1) Жок. 2) Тең күчтүү. 3) x тин бир эле маанисинде тең күчтүү эмес. 4) Билбейм. 5) Эки-экиден тең күчтүү.

6. Түгөйлөш болуп берилген төмөнкү теңдемелердин кайсылары тең күчтүү?

1. $x+2=2$ жана $x+4=7$. 3. $x+2=1+x$ жана $2x+1=2(x-1)+3$.

2. $3x+1=5$ жана $x+1=5$. 4. $\frac{1}{2}x+1=\frac{1}{3}x-1$ жана

$$\frac{2}{7}x-1=3-\frac{5}{7}x.$$

5. $(x-2)(x+1)=0$ жана $|x-1|=2$.

Т—К—К—3(2)

1. Төмөнкү теңдемелердин ичинен кайсынысы $4x-3=5$ теңдеме менен бирдей чыгарылышка ээ?

1) $7x-3=4$. 2) $3x-4=5$. 3) $(x-3)(x-5)=0$. 4) $5x=3x+4$. 5) $3x-5=5x-4$.

2. Төмөнкү теңдемелердин кайсыларынын чыгарылыштары барабар?

1. $4x-3=1$; 2. $|4x-3|=1$; 3. $6x+5=x+10$; 4. $5x-6=10x-1$.

Мүмкүн болгон жооптор:

1) 1 жана 2. 2) 1 жана 3. 3) 1 жана 4. 4) 2 жана 3. 5) 2 жана 4. 6) 3 жана 4. 7) 1, 2, 3. 8) 1, 2, 4. 9) 2, 3, 4. 10) Эч кайсынысы.

3. Төмөнкү теңдемелердин ичинен $\frac{1-x}{3}-2=\frac{x-2}{6}$ теңдемеси менен тең күчтүү болгон теңдемени көрсөткүлө:

1) $2(x-1)-2=x+2$. 2) $-3x=12$. 3) $2-2x-12=x+24$. 4) $2x-x=2+12-2$. 5) $-2x-4=x+2$.

4. Төмөнкү теңдемелердин кайсылары бирдей чыгарылышка ээ болот?

1. $b+x=a$; 2. $a-x=b$; 3. $b-x=a$; 4. $x-a=b$.

1) 1 жана 2. 2) 1 жана 3. 3) 1 жана 4. 4) 2 жана 3. 5) 2 жана 4. 6) 3 жана 4. 7) ээ болбойт.

5. $x+5=10$; $3x=15$; $7x-3=18$ теңдемелер тең күчтүүбү? 1) Жок. 2) Тең күчтүү. 3) x тин бир эле маанисинде тең күчтүү, калган маанисинде тең күчтүү эмес. 4) Билбейм, 5) Эки-экиден тең күчтүү.

6. Түгөйлөш болуп берилген төмөнкү теңдемелердин кайсылары тең күчтүү?

1) $x-3=2$ жана $x+2=3$. 2) $2x-1=3$ жана $x-1=3$. 3) $x-2=1+x$ жана $2x-2=3(x-2)+2$. 4) $x-\frac{1}{2}=3$ жана $2x-1=6$. 5) $(x+1)(x+3)=0$ жана $|x-2|=1$.

Т—К—К—3(3)

1. Төмөнкү теңдемелердин ичинен кайсынысы $6x-5=5$ теңдеме менен бирдей чыгарылышка ээ?

1) $5x-6=7$. 2) $7x-5=6$. 3) $(x-5)(6x-5)=0$. 4) $5x-5=7x-7$. 5) $6x-5=5x-3$.

2. Төмөнкү теңдемелердин кайсыларынын чыгарылыштары барабар?

1) $5x-3=2$; 2) $|5x-3|=2$; 3) $3x-2=x-1$; 4) $2x-3=1-2x$.

Мүмкүн болгон жооптор:

1) 1 жана 2. 2) 1 жана 3. 3) 1 жана 4. 4) 2 жана 3. 5) 2 жана 4. 6) 3 жана 4. 8) 1, 2, 4. 9) 2, 3, 4. 10) Эч кайсынысы.

3. Төмөнкү теңдемелердин ичинен $4x-5=3$ теңдемеси менен тең күчтүү болгон теңдемени көрсөткүлө:

1) $2x-5=1$. 2) $5x-4=3$. 3) $(x-1)(x+3)=0$. 4) $3x+2-4=2x$. 5) $3x+2=2x-4$.

4. Төмөндөгү теңдемелердин кайсылары бирдей чыгарылышка ээ болот?

1) $x-a=c$; 2) $a-x=c$; 3) $c+x=a$; 4) $c-x=a$.

Мүмкүн болгон жооптор:

1) 1 жана 2. 2) 1 жана 3. 3) 1 жана 4. 4) 2 жана 3. 5) 2 жана 4. 6) 3 жана 4. 7) ээ болбойт.

5. $x-5=1$; $3x+2=20$; $2x+3=11$ теңдемелер тең күчтүүбү? 1) Жок. 2) Тең күчтүү. 3) x тин бир эле маанисинде тең күчтүү, калган маанисинде тең күчтүү эмес. 4) Билбейм. 5) Эки-экиден тең күчтүү.

6. Түгөйлөш болуп берилген төмөнкү теңдемелердин кайсылары тең күчтүү?

1) $x-5=4$ жана $x-4=5$. 2) $3x-1=2$ жана $x-1=2$. 3) $x-3=1-x$ жана $3x-3=2$. 5) $(x-1)(x-3)=0$ жана $|x+2|=1$.

Теңдеменин биринчи касиети

12(1)

(Жаңы түшүнүктү киргизүү боюнча)

1. Теңдемелерди чыгарып, чыгарылыштарын салыштыргыла:

1) $4+x=5$ жана $6x+1=7$; 2) $7-x=5$ жана $5-x=0$; 3) $3x-1=4$ жана $3x-1=2$.

2. а) $x-49=5$ теңдеменин чыгарылышын тапкыла. б) Өзүңөр ойлогон санды $x-49=5$ теңдеменин эки жагына кошкондо келип чыккан теңдеменин чыгарылышын тапкыла. в) Бул теңдеменин чыгарылышы жөнүндө эмнени айтууга болот?

3. 1) $2x+6-x=5$ жана $2x-x+6-7=5-7$; 2) $4x-3=6$ жана $4x-3-2=6$ теңдемелер тең күчтүүбү? Эмне үчүн? Түшүндүргүлө.

4. а) $2x-58=14+x$ теңдеменин чыгарылышын тапкыла. б) Ошол эле теңдеменин эки жагына $58-x$ айырманы кошкондо келип чыккан теңдеменин чыгарылышын тапкыла?

5. Кайсы учурда берилген теңдеме менен тең күчтүү болгон теңдеме алабыз?

12 (2)

1. Теңдемелердин чыгарылыштарын салыштыргыла:

1) $3-x=2$ жана $2x-1=1$; 2) $4x-5=2$ жана $5x-4=2$; 3) $7x+1=4$ жана $7x-+1=-4$.

2. а) $5y+4=7$ теңдеменин чыгарылышын тапкыла. б) $5y+4=7$ теңдеменин эки жагына каалаган санды кошуп, чыккан теңдеменин чыгарылышын тапкыла. в) Бул эки теңдеменин чыгарылышы жөнүндө эмнени айтууга болот?

